Дүйнө өлкөлөрүндөгү дин тутуу эркиндиги жөнүндө 2019-жыл үчүн баяндама: Кыргыз Республикасы

ДҮЙНӨ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА БӨЛҮМ

Жалпыланган отчёт

Конституция дин жана дин тутуу эркиндигине кепилдик берип, диний топторго диний жек көрүүнү козутуучу иш-аракеттерди жасоого тыюу салат. Анда дин мамлекеттен бөлүнгөндүгү белгиленип, диний топтордун саясий максаттарды көздөшүнө тыюу салынган. Мыйзамга ылайык, бардык диний топтордун мамлекеттик органдардын каттоосунан өтүшү милдеттүү болуп саналат, ал эми каттоодон өтпөгөн диний топтордун ишмердик жүргүзүүсүнө жол берилбейт.

«Экстремисттик материалдарды» криминалдаштыруу жөнүндө мыйзам январь айында кайра каралып чыгып, жаңы мыйзамда укук коргоо органдары шектүүнү кылмыш жасаган деп айыптоо үчүн анын экстремисттик материалдарды таратууга ниеттенгенин далилдеп бериши талап кылынат. Бийлик экстремисттик деп эсептелген «диний багыттагы» 21 топтун ишмердигине тыюу салынышын колдогон.

Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы (ДИМК) Дин жөнүндө мыйзамга оңдоолорду киргизүүнү сунуш кылган, ал эми мамлекеттик органдар алардын Конституцияга шайкеш келишин текшерип чыгышкан. Аталган оңдоолордо үймө-үй кыдырган прозелитизмге (диний ишенимине киргизүү) тыюу салуу камтылган. ДИМК аларды карап чыккандан кийин парламентке кароо жана талкуулоо үчүн жөнөткөн. Март айында БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши чечим кабыл алып, анда мыйзамдын диний топтор диний жөрөлгөлөрдү өткөрүүнүн жаңы орундарын (жайларын) түзүү үчүн жергиликтүү кеңештерде каттоодон өтүшү керектиги жөнүндө талабы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын (ЖСУЭП) 18-беренеси менен Конституцияга карама-каршы келе тургандыгы белгиленген.

Аталган чечим Жогорку соттун буга чейин эле бул практиканы Конституцияга карама-каршы келет деп тааныган чечими менен үндөшүп турат. Анткен менен мыйзам өзгөртүүсүз калган, себеби парламент диний уюмдарды каттоонун жаңы конституциялык эрежелерин ишке киргизе турган оңдоолорду жылдын аягына чейин кабыл алып берген эмес. Жахабанын (Иегованын) күбөлөрүнүн, теңирчилердин жана Ахмадия мусулмандар жамаатынын расмий диний топтор катары каттоодон өтүүдө кыйынчылыктарга дуушар болуусу уланган, ал эми «Форум 18» аталган Дин тутуу эркиндиги боюнча эл аралык бейөкмөт уюму (БӨУ) милиция жана мамлекеттин башка өкүлдөрү тарабынан каттоодон өткөн диний топторго да ачык чогулууга тыюу салынганы тууралуу кабарлаган. БӨУ билдиргендей, бийлик тыюу салынган диний топторго тиешеси бар болгондугу үчүн соттолуп, камакта отурган адамдарга диний материалдарды берип турган эмес.

Христиан активисттеринин айтуусу боюнча, мусулман эмес диний азчылыктар өздөрүнүн каза болгон диндештерин коомдук көрүстөндөргө көмүүнү уюштурууда мурдагыдай эле кыйынчылыктарга дуушар болуп турушкан. Диний ынанымы үчүн айылдаштарынын асылууларына дуушар болгон христианин Элдос Саттар уулу өзүнө жана үй-бүлөсүнө каршы такай коркутуулардын айынан март айында өлкөдөн качып кеткен. Аны менен иштешкен жактоочусуна да коркутуулар болгон, БӨУ билдирүүлөрүнө караганда, анын айылындагы башка христиандарга да кысым көрсөтүүлөр орун алган. Январь айында белгисиз вандалдар орустардын православиелик көрүстөнүн кордоп кетишкен.

АКШнын Элчиси жана элчиликтин башка кызматкерлери диний азчылыктар дуушар болуп жаткан чектөөлөрдү, дин жөнүндө мыйзамды кайра карап чыгуу боюнча сунуштарды, диний азчылыктарга карата зордук-зомбулуктарды талкуулоо үчүн Өкмөттөгү кызмат адамдары менен жолугушкан. Элчиликтин кызматкерлери диний топторго сабырдуулук менен мамиле кылуу жана урматтоо маселелерин талкуулоо максатында диний лидерлер менен, анын ичинде Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын, бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү менен байма-бай жолугушууларды өткөрүп турушкан. Терроризм жана экстремизм жөнүндө мыйзам, көз каранды эмес диний топторду каттоодон өткөрүү мүмкүнчүлүгү жана диний азчылыктардын укуктары сыяктуу маселелер талкууга алынган.

I бөлүк. Диний демография

АКШ Өкмөтү калктын жалпы санын 5,9 миллион адам деп баалайт (2019-жылдын ортосуна карата). Өкмөттүн баасы боюнча, калктын болжол менен 90 пайызын мусулмандар түзөт жана алардын басымдуу көпчүлүгү сүннөттөр (сунниттер) болуп саналат. Шииттер мусулман калкынын 1 пайыздан азыраагын түзөт. Ошондой эле өкмөттүн статистикасында көрсөтүлбөгөн, эл аралык уюм алардын санын 1000 адам деп баалаган чакан Ахмадия мусулмандар жамааты бар. Өкмөттүн баалоосуна таянсак, калктын болжол менен 7 пайызы христиандар болуп эсептелет, алардын болжол менен 40 пайызы – Орус православиелик чиркөөсүнүн православ христиандары. Иудейлерди, буддисттерди, бахаилерди жана көз каранды эмес топторду бирге алганда калктын болжол менен 3 пайызын түзөт. Түпкү элдин дини болгон теңирчиликти жактоочулардын саны өлкөдө 50 000 адамга чамалаш деп эсептелинет.

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, этникалык кыргыздар калктын болжол менен 73 пайызын, этникалык өзбектер – болжол менен 15 пайызын түзөт. Этникалык кыргыздар да, этникалык өзбектер да, негизинен, мусулмандар болуп саналышат. Этникалык орустар – бул, баарынан мурда, Орус Православиелик Чиркөөсүнүн же протестанттык конфессиялардын биринин жактоочулары болуп эсептелинет. Орус Православиелик Чиркөөсүнүн жана мусулман эмес башка диний топтордун мүчөлөрү, негизинен, ири шаарларда жашашат.

II бөлүк. Дин эркиндигине мамлекеттик мамиленин макамы

ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК БАЗА

Конституция абийир жана дин эркиндигине; жеке өзү же башка адамдар менен биргеликте дин тутуу же тутпоо укугуна; өзүнүн диний көз караштарын туюндуруудан баш тартуу укугуна кепилдик берет. Ал диний жек көрүүнү козутуучу иш-аракеттерге тыюу салат.

Конституцияда дин мамлекеттен бөлүнгөндүгү белгиленген. Ал диний негизде саясий партияларды түзүүгө жана диний топтордун саясий максаттарды көздөөсүнө тыюу салат. Конституция кайсы дин болбосун, мамлекеттик же милдеттүү дин катары болушуна тыюу салат.

Мыйзамда бардык диндер жана диний топтор тең укуктуу экени көрсөтүлгөн. Ал «бир диндегилерди башка динге өткөрүүгө көшөрүп аракет кылууга» жана ДИМКте каттоодон өтпөгөн топтордун миссионердик ишмердүүлүгү катары аныкталган «мыйзамсыз миссионердик ишмердикке» тыюу салат. Мыйзам ошондой эле ата-энесинин жазуу түрүндөгү макулдугусуз жашы жетпегендердин уюмдашкан, прозелиттик диний топторго кирүүсүнө тыюу салат.

Мыйзам бардык диний топтор жана диний мектептер дин жөнүндөгү мыйзамдын жоболорунун аткарылышын көзөмөлгө алган ДИМКте каттоодон өтүүсүн талап кылат. Мыйзамда каттоодон өтпөгөн диний топтордун ишмердигине тыюу салынган. Каттоодон өтүүгө арыз берген топтор

арыз формасын, уюштуруу уставын, уюштуруучу жыйындын протоколун жана негиздөөчү-мүчөлөрдүн тизмесин берүүгө тийиш. Диний топтун ар бир жамааты каттоодон өзүнчө өтүшү керек жана 200дөн кем эмес туруктуу мүчөсү – негиздөөчү-жарандары болууга тийиш. Чет өлкөлүк диний уюмдар ДИМКтеги каттоосун жыл сайын узартып турууга милдеттүү. Мыйзам ошондой эле диний топтордун жаңы сыйынуу жайларын түзүү үчүн жергиликтүү кеңештерде каттоодон өтүүсүн талап кылат.

Эгер бул мыйзамга туура келбесе же улуттук коопсуздукка, социалдык туруктуулукка, этностор аралык жана конфессиялар аралык гармонияга, коомдук тартипке, саламаттыкка же адеп-ахлакка коркунуч туудурат деп эсептелсе, ДИМКтин диний топту каттоодон баш тартуу үчүн юридикалык ыйгарым укуктары бар. Ошондой эле ДИМК топтун сунушталып жаткан ишмердиги диний мүнөзгө ээ эмес деп эсептесе, мындай диний топту каттоодон баш тартып же каттоо мөөнөтүн кийинкиге жылдырып кое алат. Өтүнүч арызы четке кагылган арыз берүүчүлөрдүн каалаган убакта кайра арыз берүү же сотко кайрылуу мүмкүндүгү бар. Мыйзам каттоодон өтпөгөн диний топтордун имарат-жайларды ижарага алуу, диний жөрөлгөлөрдү жасоо сыяктуу иш-аракеттерине тыюу салат. Бул тыюуларды бузгандыгы үчүн 500 сом (7 АКШ доллары) өлчөмүндөгү административдик айып төлөө жазасы каралган.

ДИМК топтун диний тарап катары каттоодон өткөндүгүн бекиткенден кийин топ мүлккө ээ болуу, банктык эсептерди ачуу жана келишимдик ишмердикке башкача түрдө катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу максатында юридикалык жак макамын алуу үчүн Юстиция министрлигинен каттоодон өтүүгө тийиш. Уюм административдик түзүмү көрсөтүлгөн топтук уставы, башкармалыктын мүчөлөрүнүн жана негиздөөчү-мүчөлөрдүн тизмеси камтылган арызы менен Юстиция министрлигине кайрылат. Эгер диний топ коммерциялык ишмердүүлүк менен алектенсе, ал салык төлөөгө милдеттүү. Мыйзам боюнча, диний топтор диний ишмердүүлүгү үчүн салыктан бошотулган коммерциялык эмес уюмдар катары аныкталган.

Мыйзамда сот: диний уюм мамлекеттин коопсуздугуна шек келтирген; конституциялык түзүлүштүн негиздерин күч колдонуу менен өзгөртүүгө багытталган иш-аракеттерди жасаган; куралдуу күчтөрдү түзгөн же согушка же терроризмге үгүттөгөн; жарандардын укуктарына шек келтирүү менен алектенген же балдардын милдеттүү түрдө билим алуусуна тоскоолдук кылган; мүчөлөрүнүн өз менчигин диний топко өткөрүп берүүсүнө мажбурлаган, же болбосо жарандарды мыйзамды бузууга же жарандык милдеттерин аткаруудан баш тартууга шык-дем берген деп тапкан учурда ДИМКке диний топко тыюу салуу боюнча ыйгарым укуктар берилиши каралган. Диний топ чечим боюнча сотко кайрылып, даттанууга укуктуу болуп саналат.

Конституция диний топторго «этникалык, расалык же диний жек көрүүнү тутандырууга багытталган уюштуруучулук ишмердүүлүккө катышууга» тыюу салат. Этникалык, расалык же диний жек көрүүнү тутандырганы үчүн үч жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө түрмөгө кесилүү жазасы, ал эми этникалык, расалык же диний жек көрүүнү тутандырууга багытталган уюмду түзгөндүгү үчүн беш-он жылдык мөөнөткө эркинен ажыратуу жазасы чегерилиши ыктымал. Диний жек көрүүнүн негизинде адам өлтүрүү өмүр бою эркинен ажыратуу түрүндө жазаланат.

Мыйзам террорчулук жана «экстремизм» үчүн соттолгондорго өзүнчө камак жайларын бөлүп берүүгө милдеттендирет. Мыйзам ошондой эле өлкөнүн чегинен тышкары жерлерде террорчулук же экстремисттик кылмыштарды жасоо көндүмдөрүнө окуп-үйрөнгөн Кыргызстандын каалаган жаранын жарандыктан ажыратууга жол берет. Мыйзамда конституциялык түзүлүштү күч менен кулатуу; өлкөнүн коопсуздугуна шек келтирүү; зордук-зомбулук же расалык, улуттук же диний негиздеги зордук-зомбулукка шыкактоо; экстремисттик уюмдун символдорун же атрибутикасын жайылтуу; идеологиялык, саясий, расалык, улуттук же диний жек көрүүнүн же касташуунун негизинде массалык баш-аламандык же вандализм уюштуруу; каалагандай социалдык топко карата жек көрүүчүлүк сөздөрүн айтуу же касташуу «экстремисттик ишмердүүлүк» катары аныкталган.

Мыйзамга ылайык, каттоодон өткөн диний уюмдардын өкүлдөрү болгон адамдар гана миссионердик ишмердик жүргүзө алат. Эгер чет өлкөлүк миссионер ДИМКте бекитилген уюмдун өкүлү болсо, Тышкы иштер министрлигине виза алуу үчүн арыз берүүгө тийиш. Визалар бир жылдык мөөнөткө чейин жарактуу болуп, миссионерге өлкөдө үч жыл катары менен иштөөгө уруксат берилет. Чет өлкөлүк бардык диний уюмдар, анын ичинде миссионерлер да, ушул чектөөлөрдүн алкагында гана иш алпарып, жыл сайын кайра каттоодон өтүп турууга милдеттүү. Мыйзамга ылайык келбеген иштерди жасаган диний топтордун өкүлдөрүнө айып салынышы же депортацияланышы мүмкүн. Мыйзам бузгандыгы үчүн 1000 сом (14 АКШ доллары) өлчөмүндө айып салынышы жана чет өлкөлүк миссионерлердин депортацияланышы ыктымал.

Мыйзамда диний топтордун диний адабияттар менен материалдарды белгиленген жол-жоболорго, анын ичинде аларда камтылышы ыктымал болгон мамлекеттик эксперттердин экспертизасына ылайык өндүрүү, импорттоо, экспорттоо жана жайылтуу укугу каралган. Мыйзамда диний материалдардын (адабияттар жана башка басылма же аудио-видеоматериалдар) мамлекеттик экспертизадан өткөрүлүшү талап кылынбайт жана мамлекеттик диний эксперттер үчүн критерийлер аныкталган эмес. Мыйзамда диний адабияттар менен материалдарды коомдук жайларда же жеке үй чарбаларына, мектептерге жана башка мекемелерге барганда таратууга тыюу салынат. Мыйзамда мыйзам бузуунун мүнөзүнө жараша айып салуулар белгиленген. Январь айында Президент Сооронбай Жээнбеков Жазык кодексине, ошондой эле экстремисттик материалдарды жөнгө салуучу мыйзамга өзгөртүүлөрдү бекиткен. Жаңыланган мыйзам эми укук коргоо органдары шектүүнү камакка алуу үчүн анын экстремисттик материалдарды жайылтуу ниети болгонун далилдеп беришин талап кылат. Мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин экстремисттик материалдарды жөн гана сактап жүрүү шектүүлөрдү камакка алуу үчүн жетиштүү деп эсептелчү.

Мыйзам диндердин тарыхы жана мүнөзү талкууланган, диний доктрина предмети болбогон жана кандайдыр бир конкреттүү динге карата үгүт жүргүзүлбөгөн шартта дин боюнча курстарды мамлекеттик мектептерге сунуштоого уруксат берет. Жеке диний мектептер өз ишин жүргүзүү үчүн ДИМКтин каттоосунан өтүүгө тийиш.

Мыйзамга ылайык, дин тутуу ынанымы боюнча аскердик кызмат өтөөдөн баш тартуу үчүн дин негиз болуп бере алат. Аскердик кызмат өтөөдөн баш тарткандар 18 000 сом (260 доллар) төлөп бериши керек. Аскерге чакырылуучу курактагы эркектер жыйымды 27 жашка чыкканга чейин төлөөгө милдеттүү. Жаш курактык чектөө боюнча жыйымды төлөбөй калуу 108 сааттык коомдук жумуштарды аткарууга же 25 000 сом (360 АКШ доллары) өлчөмүндө айып төлөөгө алып келет. Эгер эркектер үй-бүлөлүк шартына байланыштуу кызмат өтөй албаса жана жаш-курагы боюнча жыйымды төлөбөсө, 18 000 сом (260 АКШ доллары) төлөөгө тийиш. Аскердик кызмат өтөөдөн качкан жана мындан бошотулууга уруксаты жок аскердик курактагы эркектерге айып салынат же эки жылга чейинки мөөнөткө абакка кесилет. Аскерде 12 айлык мөөнөткө кызмат өтөө милдеттүү болуп саналат, бирок мыйзамда коомго кызмат кылуунун альтернативдик формалары да каралган. Диний топтор бул мыйзамдан бошотулбайт жана аскердик кызмат өтөөдөн баш тартуу үчүн акы төлөшү керек.

Өлкө ЖСУЭПтин катышуучусу болуп саналат.

МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ПРАКТИКАЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРИ

19-июнда Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматынын (УКМК) жана Ички иштер министрлигинин кызматкерлери Нарын облусунун Ат-Башы районунда «Хизб ут-Тахрир» уюмунун алты мүчөсүн кармашкан.

Мамлекет «диний багыттагы» 21 топту экстремисттик деп эсептеп, аларга тыюу салган, алардын катарында: «Аль-Каида», «Талибан кыймылы», «Чыгыш Түркстандын ислам кыймылы», «Күрд элдик конгресси», «Чыгыш Түркстанды бошотуу уюму», «Хизб ут-Тахрир-аль-Ислами» (ХТ), «Жихад тобу» («Ислам жихадынын союзу»), «Түркстан ислам партиясы» («Өзбекстандын ислам кыймылы»), Бүткүл дүйнөдөгү тынчтык жана биригүү үчүн үй-бүлө федерациясы («Биригүү

чиркөөсү» / Мун чиркөөсү), Такфир Жихадист (Ат-Такфир Валь-Хиджра), «Джайш аль-Махди» (Жайшуль Махди), «Жунд аль-Хилафа» (Жундь-аль Халифат), «Ансаруллох» (Ансарул Аллах), «Ат-Такфир Валь-Хиджра», «Акромия», «Ислам мамлекети (ИГИЛ)», «Жабхат Ан Нусра» («Жебхат ан-Нусра»), «Катибат аль-Имам аль-Бухари» (Имам Бухаринин батальону), «Жаннат Ошиклари» («Бейишти сүйгөндөр»), «Жамаат ат-Таухид валь-Жихад» жана Якын Инкар бар. Ошондой эле 2014-жылы Бишкек шаарынын Октябрь райондук соту тарабынан ишмердиги жана материалдары экстремисттик деп табылган чечен исламчыл согушчандарынын лидери А.А.Тихомировго (же Саид Бурятский) байланышкан бардык материалдар менен иш-аракеттерге тыюу салуу узартылган.

Ачык булактарга ылайык, январда экстремизм менен күрөшүү жөнүндө мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин экстремизм үчүн камакка алуулардын саны олуттуу кыскарган, мында өткөн жылы бул көрсөткүч 213 болсо, бул жыл ичинде камакка алуунун 6 учуру болгондугу прессада белгиленген. Расмий статистика жеткиликтүү болгон эмес. Экстремисттик инциденттер: тыюу салынган «диний багыттагы» уюмга мүчө болууну, тыюу салынган уюмга байланышкан адабиятты жайылтууну, тыюу салынган уюмдун атынан прозелитизмди же анын каржылоосун камтыган. УКМК билдиргендей, алгачкы тогуз айда 399 даана экстремисттик материал алынып, бирок экстремизм жөнүндө мыйзамдагы өзгөртүүлөргө байланыштуу кылмыш иштери козголгон эмес. Этникалык өзбектер милиция аларды тыюу салынган диний адабияттарды сактап жүргөнүнө же тыюу салынган уюмдарды колдогонуна байланыштуу максаттуу түрдө куугунтукка алганын, бирок мындай куугунтуктоо жалган көрсөтмөлөргө же жасалма далилдерге негизделгенин айтышкан. Христиандык эки конфессиянын жетекчилиги ДИМК да, УКМК да экстремизмди болтурбоо шылтоосу менен алардын диний жөрөлгөлөрдү жасаган жайларына эскертүүсүз барганын жана чиркөөлөр өздөрүнүн каржылык документтери менен диний тексттерин берүүсүн талап кылганын билдиришкен.

Парламент ДИМК тарабынан 2018-жылы сунуш кылынган дин жөнүндөгү мыйзамга оңдоолорду кароону улантты. Кайра каралган оңдоолор үймө-үй кыдырган прозелитизмге тыюу салууну, чет өлкөдө диний билим алуу башталганга чейин мамлекеттик органдарга билдирүү талабын камтыйт. ДИМК диний уюм катары каттоо үчүн зарыл болгон мүчөлөрдүн санын жогорулатуу (200дөн 500гө чейин) жөнүндө өзгөртүүнү жокко чыгарды, бул катталган диний уюмдарга белгилүү бир калктуу кошунтардагы дин тутунгандардын саны канча экендигине карабастан бүт өлкө боюнча филиалдарын түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Жахабанын күбөлөрү оңдоолордун долбоору боюнча тынчсызданып жатышкандыгын билдирүүдө. ДИМК оңдоолорду паламентке жылдын башында сунуш кылган, ал эми парламентте жылдын аягында экинчи окууда каралган. Эреже катары, сунуш кылынган мыйзамдар парламентте дебаттар менен добушка коюу алдында үч окуудан өтөт.

29-мартта БУУнун Адам укуктары боюнча комитети мыйзамдын диний топтор диний ырым-жырымдарды өткөрүү үчүн жаңы жайларды ачуу үчүн жергиликтүү кеңештерден каттоодон өтүшү керектигин талап кылган жобосу ЖСУЭПтин 18-беренесине жана Конституцияга карама-каршы келе тургандыгын белгилеген. Жогорку сот 2014-жылы бул жобо Конституцияга каршы келет деп тапкан. Жахабанын күбөлөрү мыйзамдын жобосу күчүндө калганын белгилеп, парламент Жогорку соттун чечимин чагылдыруу үчүн мыйзамды өзгөртө албай койгондугун билдиришкен.

Түрмө реформасы жана зомбулуктуу экстремизмге каршы аракеттенүү жаатында иш алып барган бейөкмөт уюмдар террорчулук жана экстремизм үчүн соттолгон адамдарга өзүнчө мекемелердин болушун караган мыйзамдар көп учурда начар аткарылып жаткандыгын кабарлашкан. БӨУ билдиргендей, зомбулуктуу экстремисттер жеңил кылмыштар, анын ичинде экстремисттик материалдарды сактагандыгы үчүн камалгандардан бөлүп камалган эмес, бул болсо, алардын пикиринде, түрмөдөгү башка топтордун радикалдашуусуна алып келиши ыктымал. Ошондой эле бейөкмөт уюмдар түрмө жетекчилиги Куран менен хадистерден (салттар же Мухаммед Пайгамбардын айткандары жазылган китептер) башка диний адабияттар муфтият тарабынан жактырылышы керектигин талап кылышкан.

Диний топтор ДИМКте каттоодон өтүү процесси өтө убаракерчиликтүү болуп, бир айдан бир нече жылга чейинки убакытты талап кыла тургандыгын кабарлап турушкан. Бир топтун билдирүүсү боюнча, ДИМК аны беш жыл бою кылган аракетине карабастан каттоодон өткөрбөй койгондугун билдирген. Каттоодон өтпөгөн айрым топтор, өзгөчө мурда каттоодон өтүп, кайра каттоодон өтүүгө өтүнүч арыз берген чет өлкөлүк диний уюмдар мамлекеттик органдардын кийлигишүүсүз эле өздөрүнүн диний жөрөлгөлөрүн өткөрүп жүргөндүктөрүн айтышкан. ДИМК жыл ичинде Протестанттык бир, Пресвитериандык сегиз, Пятидесятниктик үч, Баптисттик үч жана төрт Евангелисттик протестанттык конгрегацияны каттоодон өткөргөнүн билдирген. ДИМК билдиргендей, 2669 мечит мыйзамга ылайык юридикалык каттоодон өткөрүлүп, 300гө жакын мечит документтеринин жоктугуна байланыштуу каттоодон өткөн эмес.

«Форум 18ге» ылайык, ДИМК 2018-жылдын аяк жагынан июнь айына чейинки мезгилде 60тан ашуун христиан чиркөөлөрү менен уюмдарын каттоодон өткөргөн, алардын көпчүлүгү протестанттык болгон. Бийлик Ошто Жахабанын күбөлөрү уюмун 10 жылдык аракеттерден соң гана каттоодон өткөргөн. «Форум 18» ошондой эле Нарын, Жалал-Абад жана Баткен облустарындагы Жахабанын күбөлөрү жамааттары дагы эле каттоодон өтө албай жүрүшкөнүн билдирген.

«Форум 18дин» жаңылык иретиндеги маалыматына караганда, айрым диний уюмдар каттоодон ийгиликтүү өткөнүнө карабастан, каттоо «дин жана ынаным эркиндигинин жолундагы көптөгөн тоскоолдуктарды жок кылган жок». Ар кыл диний жамааттардын мүчөлөрү дагы эле өздөрү катталган даректердин чегинен тышкары жерлерде коомдук жыйындарды уруксатсыз өткөрө албастыгын жана бийлик адатта мындай уруксатты бербей тургандыгын айтышкан. Алар ошондой эле диний адабият мамлекеттик цензурадан өтмөйүнчө импорттолбостугун жана анын мүчөлөрү өз ынанымдары менен көпчүлүк эл алдында ачык бөлүшө албай тургандыгын билдиришкен.

Өкмөт Ахмадия мусулман жамаатын тыюу салынган уюм катары көрсөтпөгөнү менен, бул топтун өкүлү азыркыга чейин каттоого тура албай жаткандыгын билдирген. Жамаат алгач 2002-жылы катталган, бирок ДИМК 2012-жылдан тартып, анын ичинде 2019-жылы да, жыл сайын кайра каттоодон өтүүнү бекитүүдөн баш тарткан. ДИМК ошондой эле 2013-жылдан бери теңирчиликти дин катары каттоодон баш тартып келе жатат, анткени мамлекеттик дин аалымдары теңирчилик – дин эмес, философиялык кыймыл деп айтышкан.

ДИМК мыйзам диний адабияттарды эксперизадан өткөрүүгө милдеттендирбейт дегени менен, иш жүзүндө диний уюмдар тарабынан кароого сунушталган импорттолгон диний материалдар текшерилип турган. Мурдагыдай эле топтор өздөрү сыйынган жерлерде жайылткысы келген диний адабияттарды экспертизадан өткөрүүчү эксперттерди жалдоонун жана эксперттик баалоонун конкреттүү жол-жоболору иштелип чыккан эмес.

Окумуштуу-дин таануучулардын сөзүнө караганда, ДИМК өз кызматкерлерин же агенттик өзү алар менен эксперт катары контракт түзгөн диний окумуштууларды тандап алуусун улантканы. Диний топтордун жактоочулары ДИМК тандап алган эксперттер айыптоочулардын пайдасына түшүндүрмөлөрдү берүүгө ыктап, Жазык-процесстик кодекске шайкеш расмий эксперттер болболгондугун айтышкан. Соттук экспертиза мамлекеттик кызматы ДИМКтин колдоосу менен диний маселелер боюнча веб-сайттардын, басылма материалдардын жана башка жалпыга маалымдоо каражаттарынын экстремисттик мазмунга ээ же ээ эмес экендигин текшерип турган.

Жахабанын күбөлөрү билдиргендей, ДИМК жана башка мамлекеттик уюмдар жаңы жыйындарды түзүүгө жол бербеш үчүн мыйзамды туура эмес колдонууну улантышкан. 28-августта ДИМК Кадамжай шаарында Турак-жай кодексинин беренесине таянып, турак-жайда өнөр жай же коммерциялык ишмердүүлүк жүргүзүүгө тыюу салына тургандыгын жүйө келтирүү менен Жахаба күбөлөрүнүн диний уюмун каттоо тууралуу өтүнүчүн четке каккан. ДИМКтин катына ылайык, Жахабанын күбөлөрү өздөрүнүн диний уюмун жашаган жери боюнча каттоодон өткөргөнгө аракет кылышкандыктан, ДИМК алардын арызын канааттандыра алмак эмес. Жахабанын күбөлөрү Жалал-Абад облусунда ачылган Падышачылык Залын оңдоп-түзөө иштери шаар бийлиги

курулушту иликтөө боюнча комитет түзгөндөн кийин токтоп калганын кабарлашкан. Комитет Жахабанын күбөлөрү прозелитизм менен алектенет жана жамаат жергиликтүү кеңеште каттоодон өткөн эмес деп билдирген. Бул жыйынтыктардын негизинде курамына ДИМКтин Жалал-Абад облусу боюнча өкүлү кирген комитет Жахабанын күбөлөрүнөн диний чыр-чатак коркунучун болтурбоо максатында жергиликтүү тургундар жактырбаган бардык диний ишмердикти токтотууну талап кылган. Мыйзам бардык диний адабияттарды жана материалдарды изилдеп чыгууну талап кылбаганы менен, диний топтор, анын ичинде Жахабанын күбөлөрү да ДИМК карап чыгуу үчүн бардык 100 пайыз диний материалдарын берүүнү талап кылып жаткандыгын айтышкан.

Диний топтордун өкүлдөрүнүн айтуусу боюнча, аскердик кызматтан баш тартуу же ал үчүн акы төлөө дин тутуусу же ынанымы боюнча аскердик кызмат өтөөдөн баш тарткан адамда дагы эле көйгөйлөрдү жаратууда, анткени аскерде кызмат өтөгөндүгү мамлекеттик органдарда жана көптөгөн жеке иш берүүчүлөрдө ишке орношуунун зарыл шарты бойдон калууда.

ДИМК бир жыл ичинде өлкөнүн бардык жети облусунда кайрадан диндер аралык диалог боюнча форумдарды өткөргөн. Бул форумдарга мусулмандар, православ орустар, католиктер, протестанттар жана бахаилер, ошондой эле жарандык коомдун өкүлдөрү, жергиликтүү бийлик органдары жана Ички иштер министрлиги менен УКМК өкүлдөрү катышкан. Форумдар диний сабырдуулукка, диний жамааттардын өкүлдөрүнүн ортосундагы, ошондой эле мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы кызматташтыкка жана өз ара түшүнүшүүгө арналган. Диний топтор конкреттүү натыйжалар аз болгону менен, конфессиялар аралык платформаларга жалпысынан ыраазы экенин билдиришкен.

III бөлүм. Дин эркиндигине коомдук сый-урмат макамы

Христиандык активисттердин айтуусу боюнча, мусулман эмес диний азчылыктар өздөрүнүн каза болгон мүчөлөрүн коомдук көрүстөндөргө коюуну уюштурууда мурдагыдай эле кыйынчылыктарга кабылышкан. Булактар диний азчылыктардын мүчөлөрүн коомдук көрүстөндөргө коюуга уруксат бербөөнүн кеминде беш учуру тууралуу билдиришкен. 2017-жылы ДИМК коомдук көрүстөндөрдү дин тутуусу боюнча бөлүү саясаты тууралуу жарыялаган, ал өкмөттүн токтому менен ишке киргизилмек. ДИМК диний азчылыктардын өздөрүнүн каза болгон мүчөлөрүн коомдук көрүстөндөргө коюуну уюштурууда мурдагыдай эле кыйынчылыктарга кабылып жаткандыгы тууралуу айткандарына жооп катары саясат иштеп чыкканын билдирген, анткен менен сентябрь айына карата алганда, мындай саясат ишке ашырылган эмес.

Жарандык коомдун активисттеринин айтуусу боюнча, диний азчылыктарды куугунтуктоо кыргыздар көбүрөөк жашаган чакан шаарларда жана айылдарда орун алган. «Форум 18дин» Жаңылыктар кызматынын маалыматына ылайык, 2018-жылы Тамчы айылында Элдос Саттар уулу өзүнүн протестанттык диний көз караштары үчүн кол салууга кабылган. Ага, анын жактоочусуна жана үй-бүлөсүнө каршы узакка созулган коркутуулардан, анын ичинде милицияда кол салуу тууралуу көрсөтмө берип жаткан учурдагы коркутуулардан кийин Элдос Саттар уулу Украинага качып кеткен. Июль айында милиция кол салууга болжолдонуп жаткандардын үстүнөн айыптоолорду алып салган жана муну жабырлануучунун өлкөдөн чыгып кетиши менен жүйөлөгөн. «Форум 18» Элдос Саттар уулу өлкөдөн чыгып кеткенден кийин анын кызыкчылыгын коргогону үчүн жактоочусун улуттук, расалык же диний жек көрүүнү козутуу боюнча соттук куугунтукка алабыз деген коркутуулар болгондугун билдирген. «Форум 18» маалыматына ылайык, Элдос Саттар уулу жашаган айылдагы башка христиандарга карата кысым көрсөтүү, анын ичинде башка христиандарга зомбулук көрсөтүү да орун алган.

11-январда вандалдар Ысык-Көл облусунун Ананьево айылындагы орус православиелик көрүстөнүн кордошкон. Жергиликтүү тургундардын айтуусуна караганда, мүрзө үстүнө коюлган 89 белги талкаланып бузулган. Бийлик шектүүлөрдү аныктай алган эмес.

IV бөлүм. Мамлекеттик саясат жана АКШнын катышуусу

Элчи жана элчиликтин башка кызматкерлери диний азчылыктарга карата чектөөлөрдү, дин жөнүндөгү мыйзамды кайра кароо боюнча сунуштарды жана диний азчылыктарга зомбулук көрсөтүүнү талкуулоо үчүн мамлекеттик органдардын өкүлдөрү менен, анын ичинде ДИМК жетекчиси жана орун басарлары, ошондой эле жооптуу кызматкерлери менен Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгында байма-бай жолугушууларды өткөрүп турушту.

Июнь айында элчиликте муфтияттын өкүлдөрү менен ифтар өткөрүлүп, ага жергиликтүү имамдар жана диний өкүлдөр катышты. Элчиликтин жогорку кызматтагы өкүлү да диний эксперттер жана өкмөттүк чиновниктердин катышуусу менен ифтар өткөрдү. Эки ифтар учурунда тең элчиликтин кызматкерлери диний сабырдуулук, дин эркиндиги жана диндер аралык иштешүүлөр маселелерин талкуулашты.

Элчиликтин кызматкерлери ошондой эле террорчулук жана экстремизм жөнүндө мыйзамды, көз карандысыз диний топторду каттоодон өткөрүү мүмкүнчүлүгүн жана диний азчылыктардын укуктарын талкуулоо үчүн муфтияттын өкүлдөрү, диний азчылыктардын лидерлери, БӨУ жана жарандык коомдун өкүлдөрү менен өз ара иштешүүсүн улантышты. Элчи диний жамааттардын өкүлдөрү, анын ичинде Кыргызстан мусулмандарынын азирети муфтийи, Жахаба күбөлөрүнүн өкүлдөрү, ошондой эле Кыргызстандын баптисттик жана евангелдик союздары менен жолугушууларды үзгүлтүксүз өткөрүп, диний уюмдарды каттоо, диндер аралык мамилелер жана диний экстремизм маселелерин талкуулап турду.